Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги
“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган Протокол № 1 “10” 09 2026-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор К.Ж.Усенов
“10” 09 2026-ж.

Дуалдык окутууну уюштуруу жөнүндө ЖОБО

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын10-сентябрындагы №1-протоколу менен кабыл алынды

Манас 2026

Дуалдык окутууну уюштуруу боюнча жобо

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында дуалдык окутууну уюштуруу тартибин аныктайт.

Дуалдык окутууну уюштуруу боюнча жобо Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11- августундагы №179 билим берүү боюнча ыйзамына, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы №23 эмгек кодексине, ЖАМУнун студенттердин өндүрүштүк практиканы уюштуруу боюнча жобосуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №383 токтомуна Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында Жумуш ордунда окутуу жөнүндө ЖОБОсуна негизделип түзүлдү.

Ушул Жобо ведомстволук таандыгына карабастан кесиптик билим берүү уюмдарына, ошондой эле дуалдык окутууну уюштурууга катышкан уюмдарга/ишканаларга жайылтылат.

1.3. **Дуалдык окутуу милдеттүү** практикалык окутуу жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө менен билим берүү уюмунда билим алуучулардын жалпы жана кесиптик билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуусуна багытталган кадрларды даярдоо системасын билдирет.

Дуалдык окутуу билим берүү уюму менен тиешелүү келишим түзгөн иш берүүчүнүн базасында да жүзөгө ашырылат.

1.4. **Дуалдык окутуу билим берүү процессинин төмөнкү элементтерин өзүнө камтууга тийиш:**

- бүтүрүүчүлөрдүн тиешелүү адистиктерине жараша жумуш менен камсыз болушу;
- эмгек рыногундагы бүтүрүүчүлөрдүн ордун сандык аныктоо;
- кадрларды даярдоодо иш берүүчүлөрдүн сандык жана сапаттык керектөөлөрүн аныктоо;
- иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын, анын ичинде дуалдык окутуу программаларын жана окуу-методикалык документтерди иштеп чыгууга катышуусу;
- дуалдык окутууну уюштурууну пландоо жана ишке ашыруу;
- иш берүүчүлөрдүн базасында педагогикалык кызматкерлердин жана өндүрүштүк окутуунун чеберлеринин стажировкаларын уюштуруу;
- тарбия иштерин уюштуруу.

1.5. Дуалдык окутуунун максаты жана милдеттери

Дуалдык окутуунун максаты болуп кесиптик билим берүү уюмунда билим алуучуларды милдеттүү түрдө практикалык окутуу жана кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдөө, ошондой эле иш тажрыйбасына ээ кылуу менен жалпы жана кесиптик билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылууга багытталган кадрларды даярдоо саналат.

Дуалдык окутуунун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыз кылуу;

- бүтүрүүчүлөрдү иш тажрыйбасына ээ кылуу;

- кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнүн эмгек рыногунда социалдык мобилдүүлүгүн жана кесиптик атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

- бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапатын иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө ылайык келтирүүнү камсыз кылуу;

- иш берүүчүлөрдү эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кесиптик билим берүүгө кадрларды (даярдоого) тартуу;

2. Кесиптик билим берүү уюмдарында дуалдык окутууну уюштуруу

2.1. Дуалдык окутуу билим берүү процесси Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык кесиптик билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген компетенттүүлүк-модулдук мүнөздөгү билим берүү программаларынын негизинде ишке ашырылат.

Кесиптик билим берүү уюму конкреттүү кесип/адистик/багыт боюнча дуалдык окутууну уюштуруунун формаларын мекеме менен бирге аныктайт.

Дуалдык окутууга бүтүрүүчү курстун студенттери чыгат. Дуалдык окутууга чыккан студент ошол мекемеде иштейт. Сабакты онлайн режимде аралыктан окуйт. Студент окутуучу менен АВН порталы аркылуу байланышат. Окутуучу өзүнүн окуу материалдарын, тапшырмаларын АВНге жүктөйт. Студент тапшырмаларын аткарып окутуучуга жөнөтөт. Студентке электрондук журналга коюлуучу “кж” белгиси коюлбайт, жетишүү үчүн студент аткарган тапшырмасына баа алат. Модулдарды, экзамендерди тапшырууга келишет. Модулдагы ”КТ” жана ”ЖТ” студенттин эмгегине жараша коюлат.Мектептерде каникул болгон учурда келип офлайн окуйт. Студентти дуалдык окутууга жөнөтүү иш берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү адис жетишпегендигин көрсөткөн кайрылуусунун негизинде жүргүзүлөт. Бара турган бүтүрүүчү курстун студенти ректорго арыз жазат, кафедра башчы жана директор макулдугун берет, окуу бөлүмү студенттин жетишүүсүн карап буйрукка сунуштагандан кийин, тиешелүү буйрук чыгат. Буйруктун көчүрмөлөрү дирекцияга ,кафедрага, окуу бөлүмүнө берилет.

Өзгөчө ирээтинде 3-курстун жетишүүсү жогору студенттерине дуалдык окутууга чыгууга уруксат берилет.

Дуалдык окутууну уюштурууга жалпы жетекчиликти кесиптик билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен дайындалган жооптуу адам жүзөгө ашырат.

Дуалдык окутуу учурунда билим алуучуларга Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын ченемдери жайылтылат.

Дуалдык окутууну ишке ашыруу үчүн ЖООнун формасына жараша билим алуучулардын, кесиптик билим берүү уюмдарынын жана иш берүүчүлөрдүн ортосунда эки тараптуу же үч тараптуу келишимдер түзүлөт.

Иш берүүчү билим алуучулар дуалдык окутуунун негизинде иштеп жаткан учурда башка кызматкерлер катары эле материалдык дем берүү чараларын караштыра алат.

Дуалдык окутуу учурунда билим алуучу практикасын ошол мекемеде өткөрө алат.

3. Дуалдык окутуу программалары

Дуалдык окутуу программаларын иштеп чыгуу үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- кесиптик стандарттар (болсо);
- компетенттүүлүк негиздеги билим берүү программалары.

Даулдык окутуунун программасынын бөлүмдөрү	**Бөлүмдүн мазмуну**
Киришүү	Кесиптин/адистиктин/багыттын шифрин, аталышын берүү жана дуалдык программасынын ченемдик базасын (кесиптик стандарт, билим берүү программасы, окуу планы) аныктоо
Дуалдык окутуунун максаты	Билим берүү программасында жазылган максаттарга ылайык максаттарын аныктоо
Дуалдык окутуунун тартиби	Программаларын ишке ашырууга кызыктар тараптардын жоопкерчилик зоналарын белгилөө жана ишканадагы насаатчылардын милдеттерин аныктоо. Аралыктан байланышуу графигин түзүү.
Дуалдык окутуунун натыйжалары	Тигил же башка компетенцияларга жетүү түрүндө дуалдык окутууну уюштуруунун натыйжаларын берүү
Коопсуздук ченемдери жана эмгекти коргоо	Дуалдык окутууда билим алуучу таанышууга тийиш болгон негизги маалыматты берүү
Коопсуздук ченемдери жана эмгекти коргоо	Дуалдык окутууга жиберүү учурунда билим алуучу таанышууга тийиш болгон негизги маалыматты берүү
Билим алуучулардын натыйжаларын баалоо жана таануу эрежелери	Билим алуучулардын дуалдык окутуу процессинде практикалык көндүмдөрүн жана кесиптик компетенцияларын аныктоо.

4. Даулдык окутууну ишке ашырууга катышкан тараптардын жоопкерчилиги жана функциялары

Дуалдык окутууну ишке ашырууга: билим алуучулар, кесиптик билим берүү уюмдары жана кесиптик билим берүү уюмдары менен дуалдык окутууну уюштуруу жөнүндө келишимдерди түзгөн иш берүүчүлөр катышат.

4.1. Кесиптик билим берүү уюму төмөнкү кызматтарды аткарат:

- иш берүүчү менен бирге дуалдык окутуунун программасын, кесип/адистик/багыт боюнча жумушчу окуу планын, окуу процессинин жылдык календардык графигин, билим берүү процессин камсыздоо боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгат жана бекитет;

- билим алуучуларга (алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө) дуалдык окутуу жөнүндө маалымдайт;

- иш берүүчүлөр менен келишимдерди түзөт;

- билим алуучулар үчүн дуалдык окутуу жана иш берүүчүлөр, насаатчылар үчүн дуалдык окутуу өткөрүү боюнча инструктаж өткөрөт;

- иш берүүчү менен дуалдык окутууга жиберилүүчү билим алуучулардын курамын макулдашат;

- насаатчыны бекитүү боюнча буйрук чыгарат;

- билим берүү программаларына ылайык билим алуучулардын билим алуусу үчүн жоопкерчилик тартат;

- билим алуучулар тарабынан жетекчисинин көрсөтмөлөрүнүн аткарылышын камсыздайт;

- Дуалдык окутууну процессин өркүндөтүү, дуалдык окутууну жакшыртуу боюнча сунуштамалар менен, иш берүүчү менен макулдашылган өткөн окуу жылы үчүн дуалдык окутууну уюштуруу жөнүндө жылдык отчетту даярдайт;

- Дуалдык окутууну негизинде иштеп жаткан студенттин жумушун андан ары улантууга көмөктөшөт;

- Дуалдык окутууну жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө кызыкдар тараптарга маалымдайт.

4.2. Иш берүүчү төмөнкү кызматтарды аткарат:

- кесиптик билим берүү уюму менен келишим түзөт;

- компетенттүүлүк негиздеги билим берүү программасын жана дуалдык окутууну программасын иштеп чыгуу процессине катышат;

- билим алуучуларды устав, ички тартип эрежелери, санитардык, өрткө каршы, башка жалпыга милдеттүү ченемдер жана жүрүм-турум эрежелери менен тааныштырат;

- аны/аларды ЖОО программасынын ар бир багыты боюнча иштеги практикалык билимдерге жана ыкмаларга үйрөтүү үчүн билим алуучуга насаатчыны бекитет;

- иш берүүчүнүн базасында санитардык эрежелерге, эмгекти коргоо, жашоо-тиричилик коопсуздугунун талаптарына жана өрт коопсуздугунун ченемдерине жооп берген дуалдык окутууну уюштуруунун коопсуз шарттарын камсыздайт;

- Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча мыйзамдарында каралган инструктаждардын бардык түрлөрүн өткөрүүнү жана иш берүүчүнүн локалдык документтери менен таанышууну камсыздайт;

4.3. Билим алуучу төмөнкү функцияларды аткарат:

- иштин шарттары, бул чөйрөнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар, коопсуздук жана эмгекти коргоо шарттары менен таанышат;

- окуу жана өндүрүштүк тартипти, ички эмгек тартибинин эрежелерин, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча талаптарды сактайт, иш берүүчүнүн мүлкүнө аяр мамиле кылат;

- билим берүү программасына жана окуу планына ылайык толук окуу курсунан өтөт;

- жетекчинин практикалык окутууга жана насаатчынын дуалдык окутуу менен байланышкан көрсөтмөлөрүн аткарат;

- билим алуучунун дуалдык окутуу учурунда аралыктагы жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоого катышуусуна шарт түзөт;

Түзүүчүлөр: ТурдубаеваБ.М.
Шамиев Ж.Б.
Жолдошалиева Н.С